КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР
МИНИСТРЛИГИ
ОШ ОБЛУСУНУН
ИЧКИ ИШТЕР
БАШКАРМАЛЫГЫ
А.К. СУЛТАНОВ АТЫНДАГЫ
КАРА-СУУ РИИБ

723309: Кара-Суу ш. Б.Сыдыков к №2
Тел: (03222) 5-31-19

МИНИСТЕРСТВО
ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
УПРАВЛЕНИЕ
ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ОШСКОЙ ОБЛАСТИ
ОВД КАРА-СУЙСКОГО РАЙОНА
ИМЕНИ А.К. СУЛТАНОВА

723309: г. Кара-Суу ул Б.Сыдыкова №2
Тел: (03222) 5-31-19

_______ 24-ж №20-6/_______
________24-ж.№__________катка

# МААЛЫМАТ

02-034-2024-001919 сандуу материал боюнча

Кара-Суу РИИБнин ЭММКАКнын башчысы милициянын майору Э.Ашимов билдирме менен кайрылып. Анда ал интернет булагынын социалдык тармактарына мониторинг жүргүзгөн учурда “Вотсап” тиркемелеринде Кара-Суу №9 бир мандаттуу шайлоо округунан: т**алапкер Кубанычбеков Илимбек** тарабынан Кара-Суу шаарынын, Кашкар-Кыштак, Ак-Таш, Жылкелди айылдарынын шайлоочуларына сый-тамак уюштурулуп, Мбанк аркылуу акча каражаттарын которуп жаткандыгы, 11-апрель күнү Кара-Суу шаарынын "Аят" кафесинде Ооган согушунун 32 ардагерине, добуштарды сатып алуу максатында сый-тамак тартуулап, конверттерде накталай акча бергендиги, сый-тамакка Ооган согушунун ардагерлеринин төрагасы Таалай аттуу жаран жана Тойчиев Карим аттуу жаран аркылуу чакырылып, сый-тамак учурунда талапкерге добуш берүүгө чакыруулар айтылгандыгы, ушундай эле сый-тамакты 18-апрель күнү Кашкар-Кыштак айылынын Маданият үйүнүн аянтында аудио концерт түрүндө уюштуруп, 50 жаранга 5000 сомдон накталай акча таратылгандыгы, сый-тамак маданият үйүнүн жанындагы Вали аттуу жаранга таандык кафеде уюштурулгандыгы тууралуу маалыматтар таралып жаткандыктан, бул маалыматтар боюнча текшерүү жүргүзүү үчүн Кара-Суу РИИБдин МЭЖне каттоого уруксат берүүнү суранган.

Аталган билдирүү Кара-Суу РИИБдин КБР МЭЖне 02-034-2024-001919 саны менен 26.04.2024-жылы катталып, тергөөгө чейинки текшерүү башталган.

Тергөөгө чейинки текшерүү боюнча Кара-Суу РИИБнин ЭММКАКнын башчысы милициянын майору Э.Ашимовдун билдирмесинде корсөтүлгөн маалыматтарды тактоо боюнча 2024-жылдын 26-апрелинде №20-6/1699 тергөө тапшырмасы берилип, текшерүү жүргүзүлүп баштаган.

Тергөөгө чейинки текшерүү учурунда, Кара-Суу РИИБнин ЭММКАКнын башчысы милициянын майору Э.Ашимов, аткарылган иштер боюнча тактамасында, талапкер Кубанычбеков Илимбек Кара-Суу-Ош жолунда жайгашкан “Аят” чайканасы эмес, “Райхан” аттуу чайхана экендиги аныкталып, тагыраак айтканда Кубанычбеков Илимбектин шайлоо штабы жайгашкан жерде 1 даана спиринтер микроавтобус менен жана бир нече женил

авто унаалар менен жарандарды алып келип тамак аш сый берип жаткандыгы туралуу маалыматтар алынгандыгын, ошондой эле 27.04.2024-жылы саат 15:00 чамаларында белгисиз жаран тарабынан Кубанычбеков Илимбек аталган чайханада добуштарды сатып алуу максатында чай берип жатат делген видео тасмага социалдык тармактарга тарагандыгын билдирген.

Кара-Суу РИИБнин ЭММКАКнын башчысы милициянын майору Э.Ашимовдун тактамасынын негизинде, кайра Кубанычбеков Илимбек Кара-Суу-Ош жолунда жайгашкан “Райхан” аттуу чайханада, Кубанычбеков Илимбектин шайлоо штабы жайгашкан жерде 1 даана спиринтер микроавтобус менен жана бир нече женил авто унаалар менен жарандарды алып келип тамак аш сый берип жаткандыгы туралуу маалымат боюнча 1 даана спринтер автоунаасынын айдоочусун тактоону, сый тамакка келген атуулдарды тактоо, 27.04.2024-жылы саат 15:00 чамаларында белгисиз жаран тарабынан Кубанычбеков Илимбек аталган чайханада добуштарды сатып алуу максатында чай берип жатат делген видео ким тарабынан качан тартылып алынгандыгын аныктоо боюнча ыкчам иш чараларды жургузууну, видеого тартып алган атуулду тактап тергоо кызматына камсыз кылуу боюнча 2024-жылдын 27-апрелинде №20-6/1762 тергөө тапшырмасы берилип тергөөгө чейинки текшерүү иштери жүргүзүлүүдө.

**Талапкер Кубанычбеков Илимбек** тарабынан Кара-Суу шаарынын, Кашкар-Кыштак, Ак-Таш, Жылкелди айылдарынын шайлоочуларына сый-тамак уюштурулуп, Мбанк аркылуу акча каражаттарын которуп жаткандыгы боюнча төмөнкүлөр аныкталды.

Күбө катары суралган 30.07.1995-жылы туулган Суюнбек кызы Зарина өзүнүн көрсөтмөсүндө, 2024-жылдын 11-апрель күнү Кара-Суу шаарындагы Райкан чайканасында Ооган согушунун ардагерлери эс алып олтурушкандыгын, анын каражатын Ооган согушунун ардагерлеринин төрагасы Талай аттуу атуул тарабынан төлөнгөндүгүн билдирген.

**Талапкер Кубанычбеков Илимбектин** Кара-Суу району боюнча штабынын башчысы 18.03.1975-жылы туулган Сулайманов Алмазбек Мамытович өзүнүн көрсөтмөсүндө, 2024-жылдын 5-апрель күнү Кубанычбеков Илимбек Райкан чайканасында, Кубанычбеков Илимбек орозо мезгили болгондуктан 40 чакты адамдарга ооз ачар кылгандыгын көрсөткөн.

Кубо катары суралган Кара-Суу районунун Сарай айыл аймагы Киров айылынын тургуну 01.02.1975-ж.т. Султанова Гулсорахон Шавкатовна озунун корсотмосундо, шайлоодо угуттоочу болуп иштеп жургонун. 2024-жылдын 12апрелинде айылдашы Рахматуллаева Озодахон кечинде бир жерге барып мейман болуп келебиз дегендиктен, жолдошум Эшматов Шералини ээрчитип, саат 19:00 чамаларда Райкан чайканасына барып, аялдарга аралашып олтургандыгын. 15 минута олтургандан кийин алар олтурган болмого Илимбек кирип келип, “мен жөнөкөй үй-бүлөөнүн баласымын, атам такси кылып маршрут айдайт, колунуздардан келсе шайлап коюнуздар” - деп айтты. Ошол жердеги жашы улуу эжелер бата беришип, анан чыгып кеткенбиз деген корсотмо берген.

Кубо катары суралган Кара-Суу районунун Сарай айыл аймагы Кең-Сай айылынын тургуну 24.09.1966-ж.т. Сулайманов Жумакадыр Самидинович корсотмосундо, 2024-жылдын 5-апрель куну өкүл атабыз отуп кеткен

карындашына куран окутканда Райкан чайканасында туугандарына чай берип, келинчегим экообуз кызматта болгонбуз деген корсотмо берген.

Кубо катары суралган Кара-Суу районунун Сарай айыл аймагы Кеӊ-Сай айылынын тургуну 15.02.1989-ж.т. Мирзалиев Айбек Ырысбекович өзунун корсотмосундо, 2024-жылдын 5-апрель куну атамдын агасы Камилов Бакайидин каза болгон Буажар эжеме куран окутуп Райкан чайканасына чай берген. Мени да чакыргандыктан, ооз ачарга видеого тушуп калган Деу-Матиз автоунаасында баргандыгын билдирген.

Кубо катары суралган Кара-Суу районунун Сарай айыл аймагы Тельман айылынын тургуну 18.03.1974-ж.т. Сулайманов Алмазбек Мамытович өзунун корсотмосундо, 2024-жылдын апрель айынын баштарында, орозонун акыркы кундоу талапкер И.кубанычбеков дуба алуу максатында Кара-Суу шаарынын Райкан чайканасында 40ка жакын адамга ооз ачырып чай бергендигин корсоткон.

Кубо катары суралган Кара-Суу районунун Сарай айыл аймагы Киров айылынын тургуну 05.05.1957-ж.т. Турдалиев Санжаор Турдалиевич өзунун корсотмосундо, 2024-жылдын апрель айынын баштарында, орозонун акыркы кундору айылдашым кудай кылып Райкан чайканага кудай откозгодо кудайга барган болчуумун. Райкан чайканада жээним И.Кубанычбеков ооз ачып олтурган экен, кирип тууган катары суйлошуп кеткенмин деп корсоткон.

Кубо катары суралган Кара-Суу районунун Сарай айыл аймагы Тельман айылынын тургуну 10.02.1978-ж.т. Самиева Айнура Абдималиковна өзунун корсотмосундо, Кара-Суу районундагы Райканч айканасын ижарага иштетип келе жаткандыгын. Видеотасмадагы кабиналарды корсотуп жургон атуул анын келини Зарина экендигин, мындан эки-уч кун мурун эки кабинага бир адам заказ берген. Адамдар келгенден кийин 20 порция мясо по казакский берип, артынан 2 даанадан 20 адамга манты, артынан 3 кг аш бергенбиз деген корсотмо берген.

Кубо катары суралган Кара-Суу районунун Ак-Таш айыл аймагы Ак-Таш айылынын тургуну 07.01.1999-ж.т. Абдыкалыков Мыктыбек Барчинбекович өзунун корсотмосундо, 9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кубанычбеков Илимбектин ыйгарым укутуу окулу болуп куболук алгандыгын. И.Кубанычбековдун штабында иш алып барып жаткандыгын. Социалдык тармакка И.Кубанычбеков шайлоочуларды сатып алуу үчүн Райкан чайканасында сый тамак берип жатат деп жайылткан видеосу чындыкка дал келбейт деген корсотмо берген.

Кубо катары суралган Кара-Суу районунун Сарай айыл аймагы Киров айылынын тургуну 22.07.1973-ж.т. Эшматов Шерали Сабирович өзунун корсотмосундо, 2024-жылдын апрель айынын баштарында аялым 01.02.1975-ж.т. Султанова Гулсорахон Шавкатовна менен жерге барып мейман болуп келебиз дегендиктен, саат 19:00 чамаларда Райкан чайканасына баргандыгын. Бир болмого кирсе, Жогорку кенштин депутаттыгына талапкер Илимбек олтургандыгын коргондугун, жарым саат олтургандан кийин аксакалдар Илимбекти чакырышып бата беришкендигин корсоткон.

Азыркы учурда жогорудагы тергөөгө чейинки текшерүү боюнча Кубанычбеков Илимбек Кара-Суу-Ош жолунда жайгашкан “Райхан” аттуу чайханада, Кубанычбеков Илимбектин шайлоо штабы жайгашкан жерде 1 даана спиринтер микроавтобус менен жана бир нече женил авто унаалар менен

жарандарды алып келип тамак аш сый берип жаткандыгы туралуу маалымат боюнча 1 даана спринтер автоунаасынын айдоочусун тактоону, сый тамакка келген атуулдарды тактоо, 27.04.2024-жылы саат 15:00 чамаларында белгисиз жаран тарабынан Кубанычбеков Илимбек аталган чайханада добуштарды сатып алуу максатында чай берип жатат делген видео ким тарабынан качан тартылып алынгандыгын аныктоо боюнча ыкчам иш чараларды жургузууну, видеого тартып алган атуулду тактап тергоо кызматына камсыз кылуу боюнча 2024-жылдын 27-апрелинде №20-6/1762 тергөө тапшырмасы берилип тергөөгө чейинки текшерүү иштери жүргүзүлүүдө.

**Башчы**
**милициянын полковниги** **Т.К. Омуралиев**